# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИИМНИН БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КУРСАНТТАРЫНЫН МЕКЕНЧИЛДИК САПАТТАРЫН ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**АЗАМАТОВА А.З.**
*Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигининакадемиясы*

**УДК.378.1**

Советтер Союзунун кыйрашы анын мурдагы республикаларынын жашоосуна чоң тааасир калтырды. Өндүрүштүн, жашоо дэңгээлдин төмөндөшү, социалдык дифференциянын өсүшү коомдун бүтүндүгүн бүлдүрдү. Эски мамлекет өзүнүн экономикасы, саясаты, идеологиясы менен кошо кыйрап, ал эми жаңы мамлекет өзүнүн идеологиясы калыптана электе түзүлдү. Жашоодогу баалуулуктарга жаңы көз караш менен карап, кайрадан жаңы баа бериле баштаганшартта коомду бириктире ала турган позициянын, принциптердин, максаттардын системасын түзүү муктаждыгы өзгөчө актуалдуу болду. Кыргызстандыктар үчүн мындай бириктирүүчү система мекенчилдик болуп калды.

Ички иштер министрлигинин системасында милиция кызматкерлери башкы орунду ээлешет, себеби аларга кыргызстандын жарандарынын укуктарын коргоо, коомдук тартипти сактоо, укук бузууларга алдын ала чара көрүү, массалык баш аламандыктарды жөндөө, өлкөнүн аймагындагы кылмыштык уюмдардын жана аскер конфликтеринин локалдуу борборлорун ыкчамдуу түрдө жок кылуу функциялары жүктөлгөн.

Терең мекенчилдик сезим инсандын ар тараптуу өнүгүшүнүн жалпы системасынын керектүү бөлүгү катары каралгандыктан, курсанттардын мекенчилдик сапаттарын тарбиялоо проблемасы келип чыкты. Ички иштер органдарынын жогорку профессионалдуу, билимдүү, мекенчил кадрларын даярдоодо окуу жана тарбия процесстеринде курсанттардын мекенчилдик сапаттарын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү эске алынышы керек экендигин изилдөөлөр көргөздү.

Курсанттардын жогорку мекенчилдиктерин, адеп-ахлактык, эстетикалык, моралдык-психологиялык сапаттарын тарбиялоодо маанилүү каражаттардын бири катары ИИМдин түзүмүндөгү офицерлер менен курсанттар кабыл алган, урматтап сыйлаган аскердик ритуалдарды жана симоликаларды атасак болот. Мамлекеттин мыйзамдык актыларында, жалпы аскердик уставтарда, колдонмолордо жана инструкцияларда аскердик ритуалдардын жана символикалардын мааниси баса белгиленген [1,2]

*Аскердик ритуал* термини – бул тарыхый калыптанган, муундан муунга берилген, нормативдик актыларда бекитилген жана курсанттардын аң сезимдеринде бекем орун алган аскер кызматкерлеринин массалык жүрүм турумдарын, милдеттүү түрдө аткарылуучу социалдык аракеттерин түшүнөбүз. Аскердик, милиция ритуалдары коомдун жашоосундагы маанилүү окуялар менен байланышкан салттардын мазмунун, ички маанисин чагылдырат, кээ бир социалдык мамилелерди көрсөтөт, майрамдык, салтанаттуу жана аза күтүү аземдеринде кызматкерлердин тарыхый калыптанган жүрүш-туруш формасын чагылдырат [8]

Кайсы ритуал болбосун, анын башкы өзгөчөлүгү - символикалык мүнөздө болгону. Ритуалдардын башкы максаты – анын катышуучуларынын жана айланадагылардын кандайдыр бир белгилүү ой пикирлерин, түшүнүктөрүн, сезимдерин калыптандыруу.

Символ – көрсөтмөлүүлүк образды камтыган, кайсы бир олуттуу жана абстрактуу маанини түшүндүрүү үчүн колдонулуучу белгилердин өзгөчө түрлөрү. «Символ - бир абстрактык түшүнүктү, ойду билдирүүчү нерсе; аракет же образ», - деп К.К. Юдахин белгилеген [10]. Символ катарында көп убакытта сөз чыгат, ритуалда ал өзүнчө мааниге ээ болбой, ритуалдык аракеттердин контекстинде, анын өзгөчө бир бөтөнчө курамы катары маанилүү.

Ритуалдар болуп жаткан окуянын эмоциалдуулугун, салтанаттуулугун, коoздугун жана залкардуулугун көрсөтөт, алар ИИОдо кызмат өтөгөн убакта дайыма коштоп жүрүшү керек. Ички иштер органдарында салтанаттуу ритуалдарды өткөрүү массалык театрлаштырылган көрсөтмөдөй болуп, мекенчилдик, жамааттык, бири бирине жардамга келген, ынтымактуулукту, тартипти, кызматтык парзды аткарууга жогорку жоопчулук сезимдерин тарбиялоого түрткү болуш керек [8]. Негизги салтанаттуу кызматтык ритуалдарга: курсант катарына кабыл алуу, ант берүү, окууну бүтүрүүчүлөрдүн күнү, курсанттарга сыйлык тапшыруу ж.б.у.с. кирет.

Изилдөөлөр көргөзгөндөй Кыргыз Республикасынын ИИМнин билим берүү мекемелеринде кызматтык ритуалдар улуттук менталитеттин өзгөчөлүктөрүнө жана каада-салтына, үрп-адаттарына ылайыктуу өткөрүлүп, педагогикалык чоң ролду ойношот. Академиянын профессордук-окутуучу курамына, тарбиячы-офицерлерге бул багытта төмөнкү милдеттер коюлат:

- курсанттардын мекенчилдик аң-сезимдерин жогорулатуу максатында окуу процессинде ритуалдардын маанисин, улуттук менталитетке жараша өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү;
- ритуалдардын сакталышы жана аткарылышы курсанттарга өтө чоң таасир берип, алардын укук коргоо системасына таандык болгондоруна сыймыктануу сезимдерин калыптандыраарын эске алып, Академияда өткөрүүлүчү ритуалдарды үзгүлтүксүз, өз убагында иш жүзүнө ашыруу;
- ритуалдардын жана символдордун аскер ишмердигинин түпкү маанисине жооп берүүчү иш жүзүндөгү пайдачылыгы мааниге ээ болгодуктан окутуучу курам, тарбиячы-офицерлер баардык аракеттерди ритуалдарды сапаттуу өткөзүүгө өзгөчө көңүл буруу.

Өздүк курамдын моралдык-күжүрмөндүк сапаттарын жогорулатууда Күжүрмөн Туунун ролу чоң. Академиянын борбордук фойэсинде Академиянын Туусу жайгаштырылган, анын жанында күнүгө жогорку курстун курсанттары кароолда турушат. Ошондой эле баардык мамлекеттик салтанаттуу иш чараларда Кыргыз Республикасынын гимни ырдалып, Күжүрмөн Туу киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993 ж. 17.09. №429 Токтому менен 1-ноябрь Кыргыз Республикасынын милиция кызматкерлеринин күнү деп жарыяланган [3] Адатта бул кесиптик майрамга ИИМдин министринин буйругу чыгат, анда негизги ишке ашырылуучу иш-чаралар аныкталат: ант берүү, саптык кароолор, спорттук мелдештер, массалык маалымат каражаттарында чагылдыруу ж.б.у.с. Бул жакшы салт болуп милициянын калк менен болгон байланыштарын бекемдейт. Ошондой эле Милиция кызматкеринин күнүнө Академиянын аймактарын жакшыртуу, кызматтык милдеттерин өтөп жаткан убакта курман болгон кызматкерлердин, курсанттардын көрүстөндөрүн тазалап оңдоо, ИИОнун ардагерлери, “Генералдар клубунун» мүчөлөрү менен жолугушуу, кызматтык милдеттерин өтөп жаткан убакта курман болгон кызматкерлердин үй-бүлөлөрүнө баруу, ошондой эле кызмат өтөп жатканда майып болгон мурдагы кызматкерлерге баруу, материалдык жана моралдык жардам көрсөтүү дагы жакщы ритуалдардын бири болот.

Бүтүрүүчүлөргө диплом тапшыруу ритуалы, биринчи курстун курсанттарынын Күжүрмөн Тууга Ант берүүсү өзгөчө мааниге ээ. Салтанатка жогорку жетекчилик, ИИОнун ардагерлери, “Генералдар клубунун” мүчөлөрү, администрациянын, мериянын өкүлдөрү, жергиликтүү Кеңештин депутаттары, курсанттардын ата-энелери, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү чакырылат. Мындай аскердик ритуал өзүнүн салтанаттуулугу, официалдуулугу менен курсанттарга өтө чоң таасир берип, алардын укук коргоо системасына таандык болгондоруна сыймыктануу сезимдерин калыптандырып, эстетикалык жөндөмдүүлүктөрүн тарбиялап, табигый сулуулуктун закондоруна ылайык иш аракеттерди жасоого түрткү болот жана курсанттарды аскердик милдет, аскердик ар – намыс ж.б. адеп-ахлактык категориялар жөнүндө тереӊ ойлонууга мажбурлайт. Ритуалдардын аң-сезимге тийгизген таасиринин ролун Ата- Журттун тагдырына туш

келген кыйын абалдарда да эл башчылары туура түшүнүшкөн. Улуу Ата-Мекендик согуш (1941-1945) тажрыйбасы ритуалдардын өтө татаал жагдайларда чыныгы мобилизациялоочу таасирге ээ болоорун ишенимдүү далилдеди. Өтө оор абалдарда «Тууну алдыга!» деген буйрук солдаттарга дем берип, алардын духун көтөргөн.

Башкы шарт – ритуалдардын жана символдордун аскер ишмердигинин түпкү маанисине жооп берүүчү иш жүзүндөгү пайдачылыгы. Мындай шарттын жок болуусу жеке курамды тарбиялоодо жана билим берүүдө көбүнчө формализмге алып келет, ошондуктан аскердик ритуалдарды жана символдорду иш жүзүнө ашырууда өзгөчө көңүл курсанттарды “убакыт пайдасыз өттү” деген ойго алып келүүчү көрүнүштөрдү четтетүү. Мындай чараларды өткөзүүдө окутуучулар, тарбиячы-офицерлер өз жеке жүрүм-турумдары, ритуалга болгон жоопкерчилик мамилелери, ритуалдын талаптарын так аткаруулары менен үлгү болуп, курсанттардын  кесибин сүйүүсүн, коомго керектигин жана ага пайдалуу экендигине ишенүүсүн, алардын жалпы маданиятынын жогорулашын, Мекен алдында жоокерчилик сезимдерин арттырышат.

Академиянын жетекчилиги келечектеги офицерлерди мекенчилдикке тарбиялоодо, алардын руханий – адеп ахлактык сапаттары башкы мааниге ээ экенин түшүнөт. Ошол себептен Академияда коомдук баштапкы негизде “Маданият Университети” уюштурулуп, ал өз алдына курсанттардын жана сырттан окуу бөлүмүнүн угуучуларынын жалпы маданиятын жогорулатуу, гумандык касиеттерин калыптандыруу максатын койгон.

Университет ишмердигин майрамдык концерт коюу, курсантарды бийге үйрөтүү менен гана чектебестен, жаштарга  жүрүм - турум, сүйлөө маданиятын үйрөтүүгө багыттап, саясий, адеп-ахлактык, мекенчилдик сапаттарын калыптандыруу максатында лекция, диспут, конкурстарды уюштуруу, ички иштер органдарынын ардагерлери, маданият ишмерлери, жазуучу-чыгармачыл инсандар  менен жолугушууларды өткөзүү, музейлерге, театрларга баруу ж.б. у.с. иштерди алып баруусу зарыл. Мындай чараларды өткөзүү курсанттардын өз кесибине болгон сүйүүсүнүн, коомго керектигине жана ага пайдалуу экендигине ишенүүсүнүн калыптанышына, алардын жалпы маданиятынын жогорулашына, дүйнөгө көз карашынын кеңейишине, алардын өсүп - өнүгүүнү каалоосуна түрткү берет.

Курсанттардын мекенчилдик сезимдерин тарбиялоодо кызматтык милдеттерин аткарууда курман болгон курсанттардын, Академияны окуп бүтүргөн ички иштер органдарынын кызматкерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу аземи өтө чоң мааниге ээ. Алардын аттары Баатырдык аллеяда жайгашкан мемориалдык доскага чегилип, салтанаттуу майрамдарда дайыма эскерилип, гүл чамбарлары коюулуп турат. Ал эми Кыргыз Республикасынын ИИМнин Даңк мемориалына ар кайсы жылдары кызматтык милдеттерин аткарууда курман болгон 140 ички иштер органдарынын кызматкерлеринин аты-жөнү чегилген.

Тандап алган кесибине берилгендиктин жана адамдык мыкты сапаттарды көргөзүүнүн көрүнүктүү үлгүсү 2010 - жылдын апрелинде болуп өткөн массалык баш аламандыкты жөнгө салууда курман болгон Академиянын курсанттарынын

Н. Кущтун, Э. Такырбашевдин эрдиктери айтууга арзыйт. Бул курсанттардын элестерин түбөлүккө калтыруу максатында атайын стенд уюштурулуп, алар жөнүндө маалымат музейде сакталса туура болмок, тилекке каршы,  Академиянын музейи он жылдан ашык убакыттан бери иштебей келет. Музейде болгон маалыматтар: Академиянын тарыхы, ички иштер органдарынын өсүп өнүгүшүнө  чоң салымын кошкон ардагерлер жөнүндө, баатырдык менен курман болгон кызматкерлер жөнүндө маалыматтардын ар кайсы жерде сакталышы өкүнүчтү жаратат. Курсанттардын мекенчилдиктерин тарбиялоодо музейдин мааниси чоң экендигин Академиянын жетекчилиги түшүнүшү зарыл жана аны кайра уюштуруу үчүн баардык аракеттерди жумшоого тийиш.

Ички иштер органдарынын ардагерлерин мекенчилдикти тарбиялоо процессине катыштыруу, мындай  иш аракеттердин натыйжалуулугун жогорулатат. Ардагерлердин

жашоо жана кызматтык бай тажрыйбалары жеке курам менен тарбиялык иштерди алып баруунун иштиктүүлүгүн көтөрүүдө колдонулат, алар курсанттар жана угуучулар менен жолугушуу, маек куруу, тематикалык кечелерди өткөрүү, салтанаттуу ритуалдарга катышуу формаларында жетишилет.

18-кылымда белгилүү француз моралисты Воверанг айткан: "Адамкерчиликтүү болбой, адилеттүү болуш мүмкүн эмес". Ошондуктан, окуу учурунда курсанттарга укуктук билим берүү менен бирге курсанттардын жашоодогу акыйкаттык жана кайрымдуулук, чынчылдык жана сатылбастык позицияларын тарбиялоо зарыл. Ушуга байланыштуу Академияда Краснореченскидеги жетим балдар үйүнө жардам берүү боюнча иштер алып барылат. Жаш балдардын кайрымдуулук, адамгерчилик, адеп - ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн, жетим балдар үйүнө баруу үзгүлтүксүз уюштурулуп, курсанттардын иш-аракеттерин маанилүү чараларды - жаш өспүрүмдөрдүн укуктук аң-сезимдерин тарбиялоого, мыйзамды бузган терс кылыктары үчүн жоопкерчилик болоорун түшүндүрүүгө багытталат жана балдардын жалпы маданияттуулугун, эстетикалык табитин өрчүтүү максатында иш алып барылат.

Кыргыз Республикасынын ИИМнин билим берүү мекемелеринде курсанттардын атуулдуктарын, кызматтык милдетке ишенимдүүлүктөрүн, Ата-Мекенге талыкпастан кызмат кылууга даярдыктарын тарбиялоонун негизги багыттары жогорку нормативдик документтерде толук эмес аныкталган: Аларга КР ИИМнин 27.02.09 ж. №164 Кыргыз Республикасынын ички иштер органдырынын кызматкерлеринин кесиптик этикасынын Кодекси", КР ИИМнин 08.10.08 ж. №944 "Ички иштер органдарындагы тарбия иштеринин системасын комплекстүү реформалоо жөнүндө" Буйругу, КР ИИМнин 21.01.08 ж. №40 "Ички иштер органдарындагы насаатчылык жөнүндө" Жоболору кирет [4,5,6]

Курсанттардын мекенчилдигин тарбиялоонун эффективдүүлүгүн алардын бош убактыларын пландаштырган, абдан ойлонуштурулган уюштуруу иштери менен жогорулатса болоорун эксперименттик тажрыйба көргөздү. Алар ар түрдүү ыкмалар менен жетишилет: кино жана видео тасмаларын колдонуу, курсанттардын жана офицерлердин катышуусунда атайын мекенчилдик темада уюштурулган концерттик программалар, кечелер, мекенчилдик багыттагы көркөм чыгармаларды окутуу. Бул багыттагы иштерге мисал катары 1-ноябрь «Милиция күнүнө», 23-сентябрь "Кыргыз тил» күнүнө, «9-май - Жеңиш күнүнө» арналган концерттерди, кечелерди атасак болот. Мындай иш чараларга атактуу артистердин, эстрада ырчыларынын катышуусу, мекенчилдик темадагы репертуарлары курсанттарга эмоционалдык түрткү болуп, моралдык күч берет.

Курсанттардын мекенчилдик сапаттарын калыптандыруу билим берүү жана тарбиялоо аркылуу гана эмес практика аркылуу да, мамлекетте болуп жаткан процесстер менен тыгыз байланышта иш жүзүнө ашырылат. Мисалга алсак, мамлекеттик деңгээлде өтүлүп туруучу иш аракеттерде, башка өлкөлөрдүн жогорку деңгээлдеги өкүлдөрүн тосууда, массалык митингдерде ж.б.у.с. чараларда курсанттар коомдук тартипти камсыздоого активдүү катышышат. Республиканын аймагында болуп жаткан көрүнүштөр да (террористик актылар, Баткен окуялары, 2005, 2010 - жылдардагы көтөрүлүштөр) мекенчилдикти тарбиялоодо курсанттардын аң-сезимдерине жана жүрүм-турумдарына таасир калтыра турган баардык социалдык – саясаттык, руханий – маданияттык, экономикалык факторлордун жыйындысын эсепке алуу керектигин көргөздү. Мындан тышкары кыргыз коомунда, анын баардык катмарларынын өкүлдөрүнүн, биринчи ирээтте жаштардын, акыл-ойлорундагы, сезимдериндеги өзгөрүүлөрдү да эске алуу керектигин шарттайт.

Учурдагы Кыргызстандагы коомдук саясий жана экономикалык абалга ылайыктап көрсөк, кээ бир саясатчылардын Кыргыз мамлекетин коңшу мамлекеттердин курамына кошуу жөнүндө провокациялуу идеялары, мурунку бийликтин Кыргызстандын жерлерин (Узенги-Кууште, Каркыра жайлоосун) коңшу Кытай жана Казакстан мамлекеттерине

сатышы, 2005 ж. Аксыда жана Бишкекте, 2010 ж. Таласта жана Бишкекте болуп өткөн окуяларда жөнөкөй кыргыз жарандарынын атылышын санкциялоо жана улуттук нигилизм менен манкуртизмдин формалары:өз тилибизге, Мекендин тарыхына жана маданиятына, элдик үрп – адаттарга, салт-санааларга карата, акыркы учурда өсүп – өнүгүп бара жаткан батыштын массалык маданиятынын тоталдуу жайылтылышынын фонунда, кыргызстандын жаштарынын жүрөгүндө өз улуттук руханий-адеп-ахлактын башатына көнүл коштукту жана тоотпогондукту жаратат. Мындай жагдайга коомдо калкты бириктирүүгө эмес, тескерисинче, уруу - урууга жана аймакка бөлүп жарган жалган көз караштардын жана реакциячыл догмалардын да жайылтылуусу түрткү берет [9]. Буга байланыштуу мекенчилдик тарбиянын маселелери болуп курсанттардын саясий сезимдүүлүгүн жана активдүүлүгүн калыптандыруу аркылуу, сөз менен эмес иш жүзүндө, жеке ишенимдерине жана жалпы илимдик көз караштарына таянып, коомдун, ошондой эле мамлекеттин экономикалык жана социалдык кызыкчылыктарын коргоого даяр болууга тарбиялоо керек. Мындай милдеттерди иш жүзүнө ашыруу окуу жана тарбиялык иштерди бири бирине айкалыштыруу, профессордук-окутуучу курамдын жана курстун тарбиячы-офицерлеринин, кураторлордун бирдиктүү иш аракеттери аркылуу жетишилет. Окуу процессинде жана тарбиялоодо мекенчилдикке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүнө чоң көңүл бурулуп, анын ичинде аскердик ритуалдарды жана символикаларды туура жана так колдоно билүү зарыл шарт.

**Адабияттар:**


1. Закон КР (№91) о государственных символах КР. Эркин Тоо №6 август 2004 №61-62.
2. Закон КР от 7 августа №117. Об уставе внутренней службы Вооруженныхсил. КР. ЗС ЖК КР 18.06.1998 г. – Б.: “Барчын”-“Ала-Тоо”, 2000 - С.552.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.09.1993 ж. №429 “КРнын милиция Күнүн бекитүү» Токтому.
4. КР ИИМнин 27.02.09 ж. №164 “Кыргыз Республикасынын ички иштер органдырынын кызматкерлеринин кесиптик этикасынын Кодекси”.
5. КР ИИМнин 08.10.08 ж. №944 “Ички иштер органдарындагы тарбия иштеринин системасын комплекстүү реформалоо жөнүндө” Буйругу.
6. КР ИИМнин 21.01.08 ж. №40 “Ички иштер органдарындагы насаатчылык жөнүндө” Жобо.
7. Акматов Б. Мекен коргоо – ыйык милдет. Б.: «Кыргызстан», 1995 ж. 5 б.
8. Джакипов Ж.И., Джаркимбаева Ч.Т.. Камбаралиев У.Ж. Ички иштер органдарынын кызматкерлерин тарбиялоонун заманбап технологиялары. Б.:2014, 58 б.
9. Нусупов Ч.Т. Философия национального нигилизма, языковая политика и культура. Б.: -2007. -11 с., 40, 44.
10. Юдахин К.К. «Русско-киргизский словарь» Б. Шам. 2000. 775 б.